**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети Д. 07.23.674 диссертациялык кеңешинин**

№ 3 Протоколу

**21.05.2024** **Бишкек шаары**

Кеңештин бардык мүчөлөрү-13

Катышканы-12

Төрагасы –т.и.д., т.и.д., академик Асанканов А.А.

Төраганын орун басары– доцент Табалдиев К.Ш.

Окумуштуу катчы-т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р.

**Күн тартибинде:**

**1**.Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)“ аттуу диссертациясынын алдын ала коргоосу. Адистиги: 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология. Илимий жетекчиси: т.и.д., академик Асанканов А.А.

**Төрага:** Саламатсыздарбы урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)“ аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу. Дисертанттын илимий жетекчиси: т.и.д., академик Асанканов Абылабек Асанканович!

Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиеванын илимий консультанты мен болгондуктан, бул жыйынды Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары К.Ш.Табалдиев алып барат.

**Төраганын орун басары:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Бүгүнкү күн тартибинде Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын алдын ала коргоосу. Дисертанттын илимий жетекчиси: т.и.д., академик Асанканов Абылабек Асанканович! Анда эмесе сөз талапкердин өздүк делосунун материалдары жана документтери менен тааныштыруу үчүн диссертациялык кеңештин илимий катчысы, т.и.д., доцент Бикбулатова Аниса Рифовнага берилет.

**Окумуштуу катчы:** Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Дисертант т.и.к., доцент Ч.Т.Сатыбалдиеванын документтери баары талапка жооп берет. (кыскача резюмеси менен тааныштырылды)

**Төраганын орун басары:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга суроолор барбы? Суроо жок. Ч.Т. Сатыбалдиеванын иши 2024 – жылдын 22-апрельде диссертациялык кеңешке кабыл алынган. Эксперттик комиссиянын курамына окуиуштуулар т.и.д, профессор О.К. Каратаев, т.и.д, профессор С.Т. КАйыпов, искусств.и.д, профессор Дж.Т.Уметалиевалар бекитилген. 2024-жылдын, 14-майда экспертик кеңештин отуруму болуп өткөн, ошондогу берилген корутунду боюнча сөз болгон. Анда эмесе сөз кезеги эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.д., профессор О.К.Каратаевге берилет.

**Каратаев Олжобай Кубатбекович:** Урматтуу коллегалар өткөнкү жыйында мен жана башка коллегалар да изилденип жаткан Ч.Т.Сатыбалдиева тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук

даражасын изденип алуу  жазылган доктордук диссертациясын Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана жазылган диссертациясын абдан актуалдуу экендигин актуалдуу экендиги талашсыз деп эсептейбиз. Бул диссертациялык тема этнология илиминде алгачкы жолу доктордук деңгээлде изилденип жаткан маселе болуп саналат. Бул Кыргызстандын түштүгүндөгү негизинен Булгачы уруулары болгон ичкилик кыргыздарынын килем токуу кол өнөрчүлүгүн этнологиялык багытта изилдеп чыккан. Изденүүчү бери дегенде 8-9 жыл тынымсыз эмгектенгени көрүнүп турат. Биз эксперттер 14-май күнү изденүүчү экпсерттик комиссиядан өткөргөнбүз, ошондо берилген корутунду толугу менен окулган. Кандай дейсиздер, макул болсоңуздар берилген корутундунун сунуштарын гана айтсак.

Биз корутундуда көрсөткөндөй илимий-изилдөөлөрдүн ачык-айкын корутундулары жана артыкчылыктары менен катар эмгекте илимий-техникалык мүнөздөгү  кемчиликтер да бар.

**Биринчиден,** автор совет доорундагы авторлорго жана орус окумуштууларынын эмгектеринде кайрылган жана абдан кеңири анализ берип  көп талкууга алынган. Бирок эгемен мезгилдеги  салттуу килем токуу жүрүмүнүн трансформацияланышы жөнүндөгү эмгектерге азыраак көңүл бурулуп калган.

**Экинчиден,** килем токуу салтынын ичкилик кыргыздарынын арасында сакталышынын себептерин дагы тереңирээк ачып берсе деген ойдомун.

**Үчүнчүдөн,** диссертациялык иштин үчүнчү бабынын үчүнчү   менен төртүнчү параграфтарын бириктирип койсо болмок.

**Төртүнчүдөн,** автор килем токуу практикасында кездешкен бардык терминдерди жана сөздөргө глоссарий түзсө болмок.

**Бешинчиден,** информатордордун тизмесин түзүүдө бир техниалык жана орфграфиялык каталарга көңүл буруу зарыл.

Ошол эле учурда бул сунуштар бул эмгектин теориялык жана илимий-практикалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт жана диссертациянын автору 07.00.07-этнология, этнография жана антропология кодекси боюнча тарых илимдеринин доктору илимий даражасына татыктуу.

**Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2009-ж.) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап, семантикалык талдоолорун кенен жүргүзгөн.
2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын аймагынан сырткары Россия Федерациясынын жана Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын музейлериндеги килем жана килем буюмдары жөнүндө маалымат алып, аларды өзүнүн изилдөөсүндө кеңири колдонууга аракет жасаган.

**Ал эми биздин жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштарыбыз төмөнкүдөй болду:**

**Жетектөөчү мекеме катары** И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун “Кыргызстан тарыхы жана этнология” кафедрасын сунушталсын. Анткени аларда бул багыт боюнча адистер жетиштүү деп ойлойбуз.

**Ал эми расмий оппоненттерге** :

1. Каратаев Олжобай Кубатбекович тарых илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Кыргыз-Европа факультетинде, Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору.
2. Калыш Аманжол Боранбайулы тарых илимдеринин доктору, профессор аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеолоңогия кафедрасынын профессору.

3. Назаров Насреддин Атакулович Ташкент областтык Чырчык педагогикалык институтунун профессору, тарых илимдерини доктору, профессор. Оппоненттер үч өлкөдөн тандалып алынды, демек бул дагы да болсо диссертациялык ишти дагы да жакшыртат деген ойдомун. Менин сөзүм жыйынтыкталды, суроолор барбы? Эгерде суроо жок болсо, менин сөзүм бүттү.

**Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн диссертациялык кеңешке берилген сунушу:** Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясынын кол жазмасын корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сын пикир, жана сунуштарды эске алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылабыз.

**Төраганын орун басары:** Олжобай Кубатбекович сизге рахмат. Анда эмесе сөз кезегин кийинки эксперттик кеңештин экнчи мүчөсү, т.и.д., профессор Сулайман Турдуевич Кайыпов агайдын корутундусун катчы Бикбулатова Аниса Рифовна тааныштырып окуп койсо.

**Окумуштуу катчы:** уруксат берсеңиздер бул эксперттик кеңештин мүчөсү, т.и.д., профессор С.Т.Кайыпов 14-майда корутунду менен толук тааныштырып чыккан. Ошондукьан Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациялык ишинин диссертацияиын мазмунундагы жана аны жабдуудагы мүчүлүштүктөр жана изденүүчүгө **сунуштарына** эле токтолуп койсом:

1.Диссертациялык иштин алгачкы, бет ачар бөлүкчөсүн “Кириш сөз” эмес, дайыма аталып келгендей эле, “Киришуу” деп оңдоп коюуну сунуштайм. Анткени, бул эки аталыштын семантикалык айырмачылыктары жок эмес. Ошондой эле, тексттин аталган болугун Киришүү форматына салып чыгуу зарыл.

4.Изилдөөнүн актуалдуулугу негизинен туура жазылса да, кайрадан каралып чыгылышы керек. КР Президентинин Жарлыгынан алынган цитата грамматикалык жактан да, концептуалдык жактан да текстке толук коошпой турат (4-бет).

3.Диссертациялык иштин негизги максаты боюнча, “Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстуу изилдөө” деген бир сүйлөм менен чектелүү жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Ушул жерде, иштин этнологиялык изилдөө экендигин билдирген кыскача айтымдарга муктаждык бар. Изилдөөгө алына турган мезгил XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы болуп жаткан соц, реконструкция маселесин да атай кетсе, максатка ылайык келмек.

4.Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси жеткиликтүү деңгээлде

ачылган эмес деп эсептейм. Айрыкча, анын практикалык мааниси тууралуу сөз болгон абзацта: “Изилдөөнүн натыйжаларын килем токуу чеберлеринин

практикалык иш-аракеттеринде колдонсо болот” (8-бет) деп гана чектелүү жетишсиз. Жыйналып, системага салынган материал дар дын килем өндүрүш сектору үчүн да кандай пайдаларды алып келе тургандыгы жетишерлик деңгээлде айтылышы керек эле.

5.Диссертациялык ишти артыкбаш маалыматтардан арылтуу максатында кайрадан карап чыгуу зарыл. Мисалы, экинчи баптын үчүнчү параграфында (77-92- беттер) изилдөө булагына түздөн түз тиешеси болбогон маалыматтарга орун берилген.

6.Композициялык жактан алганда, биринчи бап менен экинчи бапты бириктирип, кайталанган сүйлөмдөрдү кыскартып, артык баш маалыматтарды алып салып, бир бапка айландырса дурус болмок экен. Бирок, бул автордун эрки экендигин да айта кетүүбүз зарыл.

7.Ар бир баптын соңунда кыскача корутундуларга орун берип койсо, жаман болмок эмес.

8.Стилистикалык мүчүлүштүктөрдү жоюу жана колдонулушу талаштуу термин, концепт, түшүнүктүрдү кайрадан карап чыгууну сунуштайм. Мисалы, авторлордун орус тилинен кирген "сырьё" сөзүн кыргыз тилинде "чийки зат" деп которуп жаза баштагандыктарына далай жыл болду. Диссертациялык иште жаңы сөз жаратуу далалаты да бар. Алсак, килем көчөттөрүнүн эстетикалык өңүтүн белгилөөдө "көркөм-кооз" татаал сөзүн өзү жасап колдонот. Бирок, кыргыз тилинин лексика - семантикалык мыйзам ченеми мындай татаал сездун түзүлүшүнө жол бербейт.

9. Диссертацияны титулдук барагынан баштап аягына чейин КРнын ЖАКнын диссертацияларды тариздөө стандарттарына ылайыктап чыгуу зарыл.

**Изденүүчүнүн баштапкы материалдар менен таанышуунун жыйын-тыктары**:

1.Диссертант өзүнүн сунуштап жаткан жумушун кеп жылдан бери аткарып келе жаткандыгы көрүнүп турат. Ал кенен аймакта маалыматтарды жыйнап гана тим болбой, талаа материалдары менен бирге, архив, музей материалдарын да каттоого алган: Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары Орусия, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан сыяктуу өлкөлөрдүн музейлериндеги килем жана килем буюмдары жөнүндө мааламат алып, аларды иштин жүрүшүндө колдонууга аракет жасаган.

2.Совет дооруна чейинки жарык кергон эски басма маалыматгарын да дыкаттык менен изилдеп чыккан.

3.Советтик этнографтардын тиешелуу эмгектери менен жакындан таанышып, алардын теориялык жетишкендиктерин методологиялык негнз катары колдонууга жетишкен.

**9.Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар:**Жетектөөчү мекеме катары И. Арабаев атындагы мамлекеттик университеттин Э. Ж. Маанаев атындагы Тарых институтун сунуштайм. Аталган Институтта квалификациясы боюнча коргоого даярдалып жаткан ишке дал келген окумуштуулардын саны жетиштүү.

**10.Жалпылоочу корутунду:** Жогоруда айтылган сын пикирлер жана сунуштар, көбүнчө, техникалык мүнөзгө ээ болуп, диссертациялык иштин илимий-теориялык жана турмуштук- практикалык маанисин жокко чыгарбайт. Аталган кемчиликтер диссертацияны коргоого даярдоо учурунда жоюп коюга мүмкүн болгон мүчүлүштүктөрдөн болуп саналат. Ушундан улам, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) аттуу, тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун аткарган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын докторлук диссертациялар үчүн койгон талаптарына толук жооп берет жана анын автору тарых илимдерини доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертациялык ишти Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин отурумунда ачык коргоого татыктуу деп эсептеймин. Эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.к., профессор Кайыпов Сулайман Турдуевич.

**Профессор О.К. Каратаев:** Менде суроо бар эксперттер илимий даражасын алууга укуктуу деп жазууга болобу?

**Окумуштуу катчы:** Жактын талабына ылайык коргоого татыктуу деп койсо болот.

**Төраганын орун басары:** Рахмат Аниса Рифовна! Эксперттик кеңештин мүчөсү, искусст.и.д., профессор Дж. Т. Уметалиеванын корутундусу менен дагы тааныштырып койсоңуз.

**Окумуштуу катчы:** Уруксат берсеңиздер КР УИАсынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы Д 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, КРУИА корреспондент-мүчөсү искусство илимдеринин доктору, профессор Дж. Т. Уметалиеванын тарых илимдеринин доктору илимий даражасынын изденүүчүсү Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациясынын кол жазмасына берген корутундусунд:

**Авторефераттын мазмуну**, түзүлүшү диссертациянын мазмунуна, түзүлүшүнө толугу менен туура келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук окшош резюмелер менен жабдылган. Талаптарга толук жооп берет.

**Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы мүчүлүштүктөр жана изденүүчүгө сунуштар:**

1. Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын бир аз кеңейтүү менен кошумчаларды кошуу зарыл. Биздин оюбуз боюнча кыска жана тар берилип калган;
2. Теориялык бөлүгүндө кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн келип чыгышы, анын өнүгүшү тууралуу теорияны кеңейтип дагы бир жолу карап чыгуу;

3. Диссертациялык иштин тиркемесинде айрым сүрөттөрдүн сапатына көңүл буруу (140-120-89-сүрөттөр);

4. Салыштырмалуулук ирээтинде кара-калпак элинин килем токуу өнорүн карап чыкса жакшы болмок;

5. Ишти дагы бир жолу карап, орфографиялык жана техникалык каталарын оңдоп чыгуу иштерин сунуштайбыз.

**8. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2009-ж.) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап, семантикалык талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын аймагынан сырткары Россия Федерациясынын жана Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын музейлериндеги килем жана килем буюмдары жөнүндө маалымат алып, аларды иш жүрүшүндө колдонууга аракет жасаган.

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун “Кыргызстан тарыхы жана этнология” кафедрасы сунушталды, добуш берип койсоңуздар: Макул-бир добуштан кабыл алынды.

**Расмий оппоненттерге:**

**1.Калыш Аманжол Боранбайулы**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеелогия кафедрасынын профессору.

2.**Алымбаев Жээнбек Байыскулович,** Кыргыз-Түрк Манас университетинин (КТМУ) гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн профессору.

**Жетектөөчү мекеме:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун "Кыргызстан тарыхы жана этнология" кафедрасы сунушталды.

**Диссертациялык кеңештин экспертинин мүчөсүнүн сунушу:** Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясынын кол жазмасын корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сын пикир, жана сунуштарды эске алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылабыз. Эксперттик комиссиясынын мүчөсү Дж.Т. Уметалиева.

**Төраганын орун басары:** Рахмат Аниса Рифовна! Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, бардык эксперттер сын-пикир менен бирге, оң пикирлерин айтып, ишти коргоого сунуштады, ишти улантсак, оппоненттер менен жетектөөчү боюнча сунуштар түштү. Анда эмесе изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиевага сөз беребиз.

**Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиева**: Саламатсыздарбы урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы, урматтуу төраганын орун басары жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Урматтуу диссертациялык ишти карап чыкан эксперттер, сиздерге адегенде терең ыраазычылык билдиремин. Диссертациялык кеңештин эксперти т.и.д., профессор Олжобай Кубатбекович айткан сунуштары боюнча айтсак абдан туура сунуштар берилди. Сунуштардын кээ бирлерин толугу менен кабыл алып, диссертацияга киризилди. Мисалы эгемен мезгилдеги салттуу килем токуу жүрүмүнүн трансформацияланышы жөнүндөгү параграфка кээ бир окумуштуулардын эмгектери кошулду.

Ал эми килем токуу салтынын ичкилик кыргыздарынын арасында сакталышынын себептери көрсөтүлгөн эле, андан ары дагы бул маселе боюнча иштеп дагы да кеңейтилип берилди.

Диссертациялык иштин үчүнчү бабынынын үчүнчү менен төртүнчү параграфтарын бириктирүү боюнча каралган пункт боюнча өзгөртүү киргизилбеди. Анткени ар бир параграфтын ичинде эки башка маселе бар. Килем токуу практикасында кездешкен бардык терминдерди жана сөздөргө глоссарий түзүлүп, диссертациялык ишке киргизилди. Информатордордун тизмесин түзүүдө техникалык жана орфграфиялык каталарды баары оңдолду. Ал эми диссертациялык иштин эксперти т.и.д., профессор КР илимине эмгек сиңирген окумушттуу С.Т.Кайыповдун берген маанилүү сунуштарын да кабыл алдык жана кээ бирин түзөтүп чыктык. Мисалы диссертацияда кездешкен “сырьё” сөзүн “чийки зат” сөзүнө алмаштырылды. Андан тышкары биз өзүбүз киризген “көркөм-кооз” сөзү алынып, анын ордуна “көркөмдөө” деген сөз колдонулду. Ал эми 76-беттен 96-бетке чейинки маалыматтарды ордунда калды. Анткени бул аймактарда ушул күнгө дейре килем токуу ушул күнгө чейин сакталып стационардык аймактар изилдеп тыкыр изилденген жана мүнөздөмө берилген. Андан тышкары сунушталган биринчи бап менен экинчи баптар бириктирилбей өз ордунда эле калды. Андан тышкары берилген сунуштарды толугу менен кабыл алдык.

Ал эми Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, КРУИА корреспондент-мүчөсү искусство илимдеринин доктору, профессор Дж. Т. Уметалиеванын дээрлик бардык сунуштарын кабыл алып, диссертацияга айрым толуктоолор киргизилди. Окумуштуунун өзү менен жолугуп сүйлөшкөндө колдоорун айтып, ошол эле учурда абдан маанилүү кеңештерин берди. Дж.Т. Уметалиеванын изилдөө аймактары менен биздин изилдөө багыттарыбыз эки башка экендиин белгилеп кетким келет. Килемди окумуштуу искусство багытында изилдеген, ал биздин изилдөөлөрүбүз этнодогиялык багытта жүргүзүлдү. Диссертациялык иштин практикалык сунуштарын кеңейтилди менен кошумчалар кошулду.

**Төраганын орун басары:** Рахмат, Чыныхан Топчубаевна! Анда докладдагы изилдөөңүздүн максаты жөнүндө айтсаңыз.

**Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиева**: Сурооңузга рахмат агай. Биз изилдеп жаткан **диссертациялык иштин негизги максаты** кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстүү изилдөө.

Коюлган **максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын көрсөтүү;
- кыргыздардын салттуу килеминин негизги каражаттарын: жүндү (койдун, эчкинин, төөнүн) жана андан жасалган жиптердин түрлөрүн килем токууга даярдоо, алардын боёо ыкмаларын ачып берүү жана килем жана килем буюмдарын токууда колдонулуучу эмгек куралдарынын даярдалышын аныктоо;
- оюм-чийимдердин, символдордун жана белгилердин семантикасын ачуу, килем композициясында алардын пайда болуу жана бекемделишинин себептерин ачып берүү;
- салттуу килем токуу өнөрүн сактоо, өнүктүрүү жана аны социалдык-маданий чөйрөдө ишке ашыруу үчүн килем токуунун сакталып калуу маселесин ачып берүү;
- кыргыздардын килем токуу жүрүмүн (процесси) жана токуунун салттуу ыкмаларын талдоо;
- кыргыздардын салттуу килемдерине түшүрүлгөн көчөттөрдөгү (орнаменттериндеги) курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышын аныктоо менен бирге табынуучулук маанисин ачып берүү;
- килем токуу жүрүмүнө байланышкан кыргыздардын каада-салттарын, үрп-адаттарын жана ырым-жырымдарын ачып көрсөтүү;
- салттуу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн пайдалануу чөйрөсүн көрсөтүү менен азыркы мезгилдеги кыргыз килем токуу өнөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

- Борбордук Азия жана Фергана өрөөнүндөгү элдердин килем токуу өнөрүнүн кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрү менен маданий байланыштарын көрсөтүү болуп саналат.

**Төраганын орун басары:** Рахмат баары түшүнүктүү! Биз Чыныхан Топчубаевнанын илмий ишини максаттарын уктук, диссертантка суроолор барбы? Суроолор жок болсо, анда ордуңузга отуруңуз.

**Төраганын орун басары:**

Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациясы боюнча бардык эксперттер сын-пикир менен бирге, оң пикирлерин айтып, ишти коргоого сунуштады, ишти улантсак, оппоненттер менен жетектөөчү боюнча сунуштар түштү.

**Окумуштуу катчы:** Жетектөөчү мекеме боюнча доктордук диссертацияга доктордук даражасы бар окумуштуулар иштеген кафедпИ. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун "Кыргызстан тарыхы жана этнология" кафедрасы сунушталды.

**Профессор О.К.Каратаев:** Бул жетектөөчү мекеме боюнча берилген сунуштар туура деп эсептеймин. Анткени ал кафедрада толук штатта иштеген этнология адистинине дал келген окумуштуулардын саны жетиштүү.

**Төраганын орун басары:**

Жетектөөчү мекеме катары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун "Кыргызстан тарыхы жана этнология" кафедрасы сунушталды, аларды бекитүү боюнча оюңуздарды айттыңыздыр Эми оппонентер боюнча да сунуштарыңыздарды берип койсоңуздар. Урматтуу Диссертациялык Кеңештин мүчөлөрү добуш берип койсоңуздар: Макул-бир добуштан кабыл алынды.

**Профессор Т.Чоротегин:** Менимче туура эле сунуш болуптур, эл аралык деңгээлде да тартылып жатат. Коргогондо да жакшы болот.

**Профессор А.З.Жапаров:** Мен да Олжобай Кубатбекович сунуштаган оппоненттердин болушуна толугу менен кошулам, колдоймун.

**Профессор Т.Чоротегин:** Менде бир суроо бар эле, жогоруда көрсөтүлгөн оппонентер менен алдын ала сүйлөшүлүп, макулдашылдыбы?

**Профессор О.К. Каратаев:** Ооба сүйлөшүлдү, алар макулдугун берди.

**Төраганын орун басары:** Анда Расмий оппоненттер боюнча **биринчи оппоненти катары Каратаев Олжобай Кубатбекович**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улутту университетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору.

**Калыш Аманжол Боранбайулы**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеелогия кафедрасынын профессору.

**Назаров Насреддин Атакулович**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ташкент областтык Чырчык мамлекеттик педагогикалык институтунун профессору.

**Профессор Т.Чоротегин: Жогоруда айтылган оппоненттер**

**Тораганын орун басары:** макул, каршы жана калыс жок. Урматтуу Диссертациялык Кеңештин мүчөлөрү добуш берип койсоңуздар: макул-бир добуштан кабыл алынды. Каршы жана калыс жок.

**Анда сиздер сунуштаган оппоненттер катары Каратаев Олжобай Кубатбекович**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улутту университетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору.

**Калыш Аманжол Боранбайулы**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеелогия кафедрасынын профессору.

**Назаров Насреддин Атакулович**, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ташкент областтык Чырчык мамлекеттик педагогикалык институтунун профессору бекитилсин деп эсептей беребиз.

**Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча 07.23.674 диссертациялык кеңешинин**

**ТОКТОМУ:**

1.Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши коргоого КАБЫЛ АЛЫНСЫН.

2.Жетектөөчү мекеме И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых институтунун "Кыргызстан тарыхы жана этнология" кафедрасы бекитилсин.

3.Расмий оппоненттерге:

I. Каратаев Олжобай Кубатбекович, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улутту университетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору. II.Калыш Аманжол Боранбайулы, тарых илимдеринин доктору, профессор. Аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеология кафедрасынын профессору. III.Назаров Насреддин Атакулович, тарых илимдеринин доктору, профессор. Ташкент областтык Чырчык мамлекеттик педагогикалык институтунун профессору бекитилсин.

Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары,
т.и.д., доцент: К.Ш. Табалдиев

Окумуштуу катчы,
т.и.д., доцент: А.Р.Бикбулатова